**Сaруу Айылдык Кенешине депутаттыка "Мекен Ынтымагы" партиясынан атталган талапкерлердин программасы.**

Урматтуу айылдаштар биз Сaруу Айылдык Кенешине "Мекен Ынтымагы" партиясынан коргозулгон талапкерлердин башкы максаты: айыл аймагында коомдун бардык катмарын тартуу менен прогрессивдуу демилгелер аркылуу кон жакшы иштерди бутурсо болоорун иш жузунде далилдегибиз келет. Себеби биз мучосу болуп эсептелген Мекен Ынтымагы партиясынын программасын микро участокто тагыраак айтканда Сиздер менен биз жашаган айылдын деңгээлинде ишке ашырууга болгон тилек бизди жалгыздап эмес команда менен чыгуубузга туртку болду. Эптен эле депутат болуу менен айылдын тагдырдуу саясий аламына айлануу, айыл окмотун шайлоо, чон шайлоолор сыяктуу интригаларга аралашуу, ага коретон болуп мен-менсинуу, саясий сый ургаалдар сыяктуу тушунуктор биздин принциптерге карши келет. Биз кайда бараткандыбызды жана келечекте эмне иштерди кыларыбызды так билебиз.

**Кыргыз Республикасынын Конституциясы жергиликтуу оз алдынча башкаруунун негизги структуралык бирдиги болгон жергиликтуу кенештерге полномочиялардын томондогу кенири токтомун ыйгарат:**

-Тиешелуу территорияда социалдык-экономикалык программалардын аткарылышына козомол жургузот жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча иш чараларды иштеп чыгат, бекитет.

-Жергиликтуу бюджетти бекитет жана анын аткарылышы боюнча отчет алат;

-Бюджеттик эмес каражаттардын колдонулушу боюнча маалыматтарды угат жана керек учурда ондоо тузотууларду киргизет;

-Тиешелуу территориялык бирдиктеги жергиликтуу мамлекеттик администрациянын башчысына ишеним коргозбоо демилгесин которот;

- Жергиликтуу оз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысы – айыл окмотун шайлайт жана ага ишеним корсотпоо демилгесин которот;

-озлоруно тиешелуу территориялык аймакта колдонууга керектуу ар кандай актыларды кабыл алуу.

Жогорудагы ыйгарым укуктардын чектеринде биз ташкерлер келечекте аткарыла турган иштерди үч блоко бөлүп көргөзгүбүз келет.

Алар:

1-экономикалык блокто:

-Аймактагы чарба жүргүзүүчү жана коммерциялык субъектилердин санын тактоо;

- туризм, экотуризм, тоо туризими багыттарында иш алып барган ишкерлердин демилгелерин колдоо жана алардын өнүгүүсүнө саясий-укуктук кепилдиктерди камсыз кылуу;

- республикадагы бюджетти түзүүчү ири кен болгон Кумтордун жаңы Ысык Көл облусуна социалдык пакетине бөлүнгөн каражаттан Сары-Ойлы аймагына кайрадан бөлүштүрүү үчүн жаңы Жоболорун иштеп чыгуу жана жогорку инстанцияларга сунуштоо.

- Жергиликтүү ишкерлердин демилгелерин колдоо максатында Жергиликтүү өнүктүрүү Фондун түзүү;

2-социалдык блокто:

- Айылдык Кеңештин аймагындагы медициналык мекемелердин фаптардын, мектеп, бала бакчалардын материалдык техникалык базасын чыңдоо үчүн жергиликтүү бюджеттен каралуучу каражаттардын көлөмүн кайталап карап чыгуу;
- Мектептерде, медициналык мекемелерде объективдүү жана субъективдүү себептерден улам кадрлардын кесиптик деңгээли жыл өткөн сайын төмөндөөдө ушул көрүнүштөрдү жоюу максатында тиешелүү кадрларды даярдаган окуу жайлардын, илим изилдөө борборлорунун (Кыргыз билим берүү институту, И.Арабаев атындагы педагогикалык университети, медициналык академия ж.б. д.у.с. )окуу жайлардын күчтүү адистерин тартуу менен көчмө окуу курстарын өткөрүп туруу жана ага каражат табуу;
- Жаштар азыркы коомдо чоң күч алардын дараметин, кайрат күчүн мобилизациялоо менен тоону да томкорсо болот.Жаштарды шыктандыруучу тренинг семинарларды ар квартал сайын уюштуруу.

- Айылдын аймагында таштандыларды жумасына бирден чогултуп тиешелүү жайга жеткирүү боюнча траспорттук кызматты уюштуруу;
- Кумтор кенине байланышкан экологиялык маселелер аймакта көп которулгондуктан Айылдык Кеңештин аймагында экологиялык абалды так чагылдырган (эколог, биоэколог, биотехнолог адистерди чакыруу менен) экомониторингдерди жүргүзүп туруу.
- Жайыт маселерине байланышкан көйгөйлөрдү (жайгы күзгү көчүп конуу, жайыттарды пайдалануу боюнча) жаңы эреже талаптарды иштеп чыгып аларды айылдыктардын жалпы жыйындарына салуу менен легитимдештирүү.

Урматтуу туугандар ушуларга окшогон маселелерди ар бир айыл өзүнө мүнөздүү маселлерди тизмектей берсеңер болот.

Иштериңерге ийгилик каалайм.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун табияты окуучулук